**ОшМУнун социалдык-гуманитардык дисциплиналар кафедрасынын усулдук кеңешинин кезектеги жыйынынын**

**№1 ПРОТОКОЛУ**

2022-жылдын, 10-сентябры
Төрайымы- ф.и.к., доц. Г.Ж. Орунбаева
Катчы - Т. Ө. Кыдырова
Катышкандар: 21

**КҮН ТАРТИБИ:**

1. Талапка ылайык УМК (жумушчу программ, силлабус ж.б.) түзүлүшүн, сапатын текшерип чыгуу;
2. Ачык сабактардын графигин бекитүү;

**1.Угулду:**

1-маселе боюнча кафедранын секция башчылары билдирүү жасашты. Тиешелүү дисциплиналар боюнча усулдук жактан толуктоолор болгондугун билдиришти.

**Сөзгө чыкты:**

Усулдук кеңештин төрайымы Г.Орунбаева жаңы окуу жылына карата түзүлгөн жумушчу программага толуктоолорду киргизүүнү сунуштады.Айрыкча, методикалык жактан календардык-тематикалык пландарды кароо жана инновациялык усулдарды ОНдорго ылайык киргизүү маселесин билдирди.

**2.Угулду:**

2-маселе ачык сабактардын графигин бекитүү тууралуу Г.Орунбаева окутуучулар менен макулдашылып, такталган темалардын убактысын тактап, бекитүү керектигин билдирди.

**Сөзгө чыкты:**

Кафедра башчысы доц. Р. Ысмаилова ачык сабактарды өтүү менен тынымсыз тажрыйба алмашуунун зарылдыгын билдирди.

Жогорудагы маселелерди карап чыгып жана окутуучулардын ой-пикир, сунуштарын эске алуу менен усулдук кеңештин кезектеги жыйыны төмөнкүдөй

**токтом кылат:**

1. Кафедранын окутуучуларынын жумушчу программалары, силлабустары толуктоолор менен бекитилсин;
2. Ачык сабактардын графиктери бекитилсин;

Усулдук кеңештин жетекчиси Г.Ж.Орунбаева

Катчы Т.О. Кыдырова

**ОшМУнун социалдык-гуманитардык дисциплиналар кафедрасынын усулдук кенешинин кезектеги жыйынынын**
**№2 ПРОТОКОЛУ**

2022-жылдын, 14-октябры
Төрайымы- ф.и.к., доц. Г.Ж. Орунбаева
Катчы - Т. Ө. Кыдырова
Катышкандар: 20

**КҮН ТАРТИБИ:**

1. Устат-шакирт системасы. Тажрыйбалуу окутуучуларгы шакирттерди бекитүү;
2. Өз ара сабактарга катышуу графигин түзүү, бекитүү.
3. Ар түрдүү маселе:

**Угулду:** Усулдук кенештин төрайымы Г.Орунбаева –"Устат-шакирт" системасы методикалык жактан жаш окутуучуларга эң зарыл.Бул ситемага түшүп, көп жылдардан бери иштеп келе жатат. Анын натыйжасында жаш окутуучуларга көмөк, сунуш берүү менен алардын өсүшүнө жана билим сапатын жогорулатууга кошкон салымыбыз. Ошого байланыштуу кафедрадан жаш окутуучуларга устаттарды сунуштасаңыздар.

**Сөзгө чыкты:**

Улук окутуучу Р. Дыйканбаева: Эжеке туура белгилеп өттү. Мисалы, менин шакиртим болуп бир топ жылдан бери Т.Иманкулова эжекебиз жүрөт. Биз бир топ жакшы иштерди уюштурдук. Кандайдыр бир деңгээлде өз салымымды коштум деп ойлойм. Мен кафедранын жаш окутуучулары Төрөбай кызы Заринага Райкан Апжапаровнаны сунуштайм. Анткени, багыттары бир, тажрыйбасы мол эжекенин.

Улук окутуучу А. Маматова – жогоруда эжекелер белгилеп өткөндөй, бул жакшы жана пайдалуу иш-аракет. Мен, Т.Кыдыровага ф.к.и., доцент М. Исаеваны сунуштайт элем. Эжеке өзүнүн усулдары менен эле бөлүшпөстөн, илими менен да бөлүшөт деп ойлойм.

Кафедранын калган мүчөлөрү баары колдошту.

**II маселе. Өз ара сабактарга катышуу графигин түзүү, бекитүү.**

**Угулду:** Усулдук кенештин төрайымы Г.Орунбаева, окутуучулардан такталып, берилген сабактардын темасы жана өтүү убактысын дагы бир жолу белгилеп,түзүлгөн график менен тааныштырды. Кафедранын мүчөлөрү макулдугун билдиришти.
**III маселе.**

**Ар түрдүү маселелер:**

Г.Орунбаева, тажрыйбалуу окутуучулардын тажрыйбасын бөлүшүү максатында ар бир жыйында, окуу процессиндеги педагогикалык кырдаалдар жана алардан чыгуунун жолдору боюнча маалымат берип туруусун өтүндү.

Жогорудагы маселелерди карап чыгып жана окутуучулардын ой-пикир, сунуштарын эске алуу менен усулдук кенештин кезектеги жыйыны төмөнкүдөй

**токтом кылат:**

1. Кафедранын сунушу менен «Устат-шакирт" системасы боюнча Төрөбай кызы Заринага - Ысмаилова Райкан Апжапаровна жана Т. Кыдыровага ф.к.и., доцент Исаева Мактым Абдыкеримовна бекитилсин;
2. Ар жыйында тажрыйбалуу окутуучулардын кенеши, маалыматты берилсин;

**Усулдук кенештин жетекчиси** **Г.Ж. Орунбаева**
**Катчы** **Т.Ө. Кыдырова**

**ОшМУнун социалдык-гуманитардык дисциплиналар кафедрасынын усулдук кенешинин кезектеги жыйынынын**

**№4 ПРОТОКОЛУ**

2022-жылдын, 24-декабры
Төрайымы- ф.и.к., доц. Г.Ж. Орунбаева
Катчы - Т. Ө. Кыдырова
Катышкандар: 18

**КҮН ТАРТИБИ:**

1. Окутуучу У.Аскаровдун ачык сабагын талкуулоо;

2. Ар түрдүү маселе:

**Угулду:** Усулдук кенештин төрайымы Г.Орунбаева ачык сабакка анализ берүүнү өтүндү.

**Сөзгө чыкты:**

Окутуучу Д.Салиева сабак боюнча төмөмнкүлөрдү билдирди: агай сабагын жакшы уюштурду. Алгач эле студенттердин көңүлүн сабакка борборлоштуруу үчүн оюн ойнотту. Сабактын максатын жана күтүлүүчү натыйжасын белгилеп өттү. Колодонулган методдору да темага ылайык келди. Студенттер да активдүүлүгүн көрсөтүштү. Сабак мксатына жетти десем болот.

Улук окутуучу Б. Адылбекова –тарых сабагынын өзгөчөлүгү анда хронология сакталышы зарыл. Агай, темага байланыштуу уруитуктуу тарыхый окуяларды системалуулукта студенттери менен талкуулай алды.Элдин маданияты тууралуу кызыктуу окуялар да айтылып, студенттерге кызыгуу жаратты. Эң башкысы студенттерди иштете билди. Сунуш: инновациялык усулдардан да көбүрөөк колдонсо жакшы болот.

Окутуучу Т. Иманкулова-сабак кызыктуу өттү. Окутуучу студенттер менен активдүү иштеше алды. Көргөзмөлүүлүк болду. Студенттердин активдүүлүгү жогору. Сабак максатына жетти деп ойлойм.

**II. Ар түрдүү маселе:**

**Угулду:**

Усулдук кенештин төрайымы Г.Орунбаева сабактагы иш-аракеттердин түрлөрү боюнча маалымат берди. Ал ар бир иш - аракет мисалы, Вендин диаграммасы, эссе жазуу, глосарий түзүү иштери болсо ага ылайык балоо критерийлери иштеп чыгуу зарылдыгын билдирди.

Жогорудагы маселелерди карап чыгып жана окутуучулардын ой-пикир, сунуштарын эске алуу менен усулдук кенештин кезектеги жыйыны төмөнкүдөй

**токтом кылат:**

1. Кафедранын окутуучусу У. Аскаровдун ачык сабагы максатына жетти деп табылсын;
2. Сабакта колдонулган иш-аракеттер аныкталып, критерийлерин иштеп чыгуу менен толукталсын;

**Усулдук кенештин жетекчиси** **Г.Ж.Орунбаева**
**Катчы** **Т.Ө. Кыдырова**